# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2005-жылдын 9-январы № 6

## Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө

*(КР 2006-жылдын 28-декабрындагы № 224, 2009-жылдын 17-февралындагы № 53, 2009-жылдын 17-апрелиндеги № 129, 2012-жылдын 25-июлундагы № 137, 2012-жылдын 11-октябрындагы № 171, 2013-жылдын 27-июнундагы № 108, 2015-жылдын 18-декабрындагы № 228, 2016-жылдын 29-апрелиндеги № 52, 2016-жылдын 6-июлундагы № 99, 2017-жылдын 2-августундагы № 167, 2017-жылдын 1-декабрындагы № 197 (2), 2019-жылдын 17-майындагы № 64, 2020-жылдын 24-июлундагы № 89, 2020-жылдын 22-августундагы № 142, 2021-жылдын 15-сентябрындагы № 119 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

Ушул Мыйзам мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдары, жеке жана юридикалык жактар тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү болгон Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын сактоонун укуктук, экономикалык жана социалдык негиздерин аныктайт.

### I глава
### Жалпы жоболор

**1-статья. Жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары**

Жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизденет жана Кыргыз Республикасынын ушул Мыйзамынан, башка мыйзамдарынан жана аларга ылайык кабыл алынуучу башка ченемдик укуктук актыларынан турат.

### VII глава
### Жарандардын саламаттык сактоо жаатындагы укуктары

**61-статья. Жарандардын саламаттыгын сактоого карата укугу**

Кыргыз Республикасынын жарандары саламаттыкты сактоонун ажыратылгыс укугуна ээ болушат, ал:

- айлана-чөйрөнү коргоо, жарандардын эмгегинин, жашоо тиричилигинин, эс алуусунун, тарбиясынын жана окуусунун жагымдуу шарттарын түзүү, коопсуз азык-түлүктү жана дары-дармек каражаттарын өндүрүү жана сатуу;

- бардык жарандарга жынысына, расасына, тилине, майыптуулугуна, этностук таандыктыгына, дин тутуусуна, жашына, саясий же башка ынанымдарына, билимине, тегине, кызматтык, мүлктүк же башка абалына, ошондой эле башка жагдайларга карабастан медициналык-санитардык жана медициналык-социалдык жардам алуу укугун ишке ашырууда бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүү;

- жарандарга республиканын бүткүл аймагында медициналык-санитардык жардам көрсөтүү;

- өзүнүн өмүрүн жана саламаттыгын коргоого укук берүү;

- жарандарга үй-бүлө врачын, жалпы иш жүргүзүүчү врачты эркин тандап алуу укугун берүү;

- Мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча медициналык-санитардык жардам көрсөтүү;

- профилактикалык медицина, гигиена, сергек жашоого жетишүү маселелери боюнча маалыматтар берүү менен камсыз кылынат.

*(КР 2021-жылдын 15-сентябрындагы № 119 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**62-статья. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жүргөн жарандарынын саламаттыгын сактоо укугу**

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жүргөн жарандарынын саламаттыгын сактоо укугу Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык, ал эми башка учурларда - алар жүргөн өлкөнүн мыйзамдарына ылайык камсыз кылынат.

**63-статья. Чет өлкөлүк жарандардын, жарандыгы жок адамдардын жана качкындардын саламаттыкты сактоо укугу**

Кыргыз Республикасынын аймагында жүргөн чет өлкөлүк жарандардын, Кыргыз Республикасында туруктуу жашаган жарандыгы жок адамдардын жана качкындардын саламаттыкты сактоого карата укугу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарыйа жана Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык кепилденет.

Чет өлкөлүк жарандарга, жарандыгы жок адамдарга жана качкындарга медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу органы тарабынан аныкталат.

Чет өлкөнүн жарандыгы бар мекендештер үчүн саламаттык сактоо уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү медициналык кызматтар үчүн акы төлөө шарттары Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей белгиленет.

*(КР 2020-жылдын 24-июлундагы № 89 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**64-статья. Жарандардын саламаттыкка таасир берген факторлор жөнүндө маалымат алуу укугу**

Жарандар саламаттыкты сактоого көмөк берген же ага терс таасир көрсөткөн факторлор жөнүндө, анын ичинде жашаган райондун экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык бейгамдыгы, тамак-аштын сарамжалдуу ченемдери жөнүндө, продукциялар, жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр, алардын санитардык ченемдерге

жана эрежелерге ылайыктуулугу тууралу, башка факторлор жөнүндө дайыма анык жана өз убагында маалымат алууга укуктуу болушат. Мындай маалымат мамлекеттик башкаруунун жергиликтүү органдары тарабынан массалык маалымат каражаттары аркылуу же Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тартипте жарандардын суроо-талаптары боюнча түздөн-түз аларга берилет.

**65-статья. Жарандардын өздөрүнүн саламаттыгына келтирилген зыяндын ордун толтуруп алуу укугу**

Кыргыз Республикасынын жарандары аларга медициналык санитардык жардам көрсөтүүдө, жеке же юридикалык жактардын аракеттеринин натыйжасында өздөрүнүн саламаттыгына келтирилген зыяндын ордун:

- материалдык зыянды - иш жүзүндө келтирилген зыяндын көлөмүндө;

- моралдык зыянды - 1ден 500гө чейинки эсептик көрсөткүчтөрүндө толтуртуп алууга укуктуу болушат.

Жарандардын саламаттыгына келтирилген зыяндын ордун төлөп берүүнүн негиздери жана тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталат.

*(Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

*(КР 2006-жылдын 28-декабрындагы № 224 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## VIII глава
## Калктын айрым топторунун саламаттыкты сактоо жаатындагы укуктары

**66-статья. Үй-бүлөнүн укугу**

Санитардык-профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү, колдон келген медициналык-санитардык жардамды көрсөтүү, медициналык реабилитациялоо жолу менен үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн саламаттыгын сактоо жөнүндө кам көрүүнү мамлекет өзүнө алат.

Үй-бүлө (анын ар бир мүчөсү) жашаган жери боюнча медициналык жардам көрсөтүүнү камсыз кылган үй-бүлө врачын тандап алуу укугуна ээ болот.

Медициналык-санитардык жардам үй-бүлө мүчөлөрүнө Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында акысыз көрсөтүлөт.

**67-статья. Кош бойлуу аялдардын жана энелердин укуктары**

Энелик даражасы Кыргыз Республикасында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Мамлекеттик кепилдиктер программасынын алкагында жеңилдиктер берүү жолу менен мамлекет тарабынан корголот жана колдоого алынат.

Мамлекет кош бойлуу аялдарга алардын физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө жана саламаттыгынын абалына жооп берген шарттарда иштөө укугун камсыз кылат.

Ар бир аял кош бойлуу болгондо, төрөт жана андан кийинки мезгилде саламаттык сактоо уюмдарында зарыл болгон медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылынат. Кош бойлуу мезгилинде, төрөт учурунда жана андан кийин аялдарга акысыз медициналык-санитардык жардам Мамлекеттик кепилдик программасынын алкагында көрсөтүлөт.

Кош бойлуу болгон учурда жана бала төрөгөндүгүнө байланыштуу, ошондой эле оорулуу баланы баккан учурда аялдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жөлөкпул жана акы төлөнгөн өргүү алуу укугуна ээ.

**68-статья. Жашы жетелектердин укугу**

Жашы жетелектердин саламаттыгын сактоо укугу төмөндөгүчө:

- саламаттык сактоо жаатында Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы белгилеген тартипте диспансердик байкоого алуу жана саламаттык сактоо уюмдарында дарылануу;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте медициналык-социалдык жардам көрсөтүү;

- алардын физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө, ден соолугунун абалына жооп берүүчү, аларга жагымсыз факторлордун таасирин болтурбоонун шартында санитардык-гигиеналык билим берүү, окутуу жана эмгектенүү;

- алардын кесипке жана аскерге жарактуулугун аныктоодо медициналык консультациялардан өтүү;

- алар үчүн ылайыктуу формада ден соолугунун абалы жөнүндө зарыл маалыматтарды берүү менен камсыз кылынат.

Дене боюунун же психикасынын өнүгүшү начар жашы жетелектер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте калкты социалдык жактан коргоо тутумунун мекемелеринде багылышы мүмкүн.

**69-статья. Карыган куракта гы жарандын укугу**

Карыган курактагы жарандар (карылыгы боюнча пенсия чектөө үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамы белгилеген куракка жеткен) мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдарынан үйүндө медициналык-санитардык жардам алууга, ошондой эле калкты социалдык жактан коргоо тутумунун мекемелеринен жана дары-дармек менен, анын ичинде Мамлекеттик кепилденген программанын шартында камсыз кылынуу укуктарына ээ. Оорусуна байланыштуу дарылануууга жөнөтүлгөн жана ооруп калган жана өзүнүн негизги турмуштук керектөөлөрүн канааттандырууга жарабай калган учурда аларды багууда, активдүү турмуш-тиричилигине жана социалдык жактан корголушуна колдоо көрсөтүүдө карыган курактагы жалгыз бой жарандарды жана жалаң пенсионерлерден турган үй-бүлө мүчөлөрүн кошкондо карыган курактагы жарандарга медициналык-санитардык жардам көрсөтүлөт.

**70-статья. Майыптардын укугу**

Майыптар, анын ичинен майып балдар жана бала кезинен майып болгондор медициналык-санитардык жардам алуу, реабилитациялоо, дары-дармек менен камсыз кылуу, протездөө, протездик-ортопедикалык буюмдарды алуу, жеңилдик шартында жүрүүчү каражаттарды алуу, ошондой эле кесиптик даярдыкка жана кайра даярдыктан өтүү укугуна ээ.

Эмгекке жарамсыз майыптар Мамлекеттик кепилдик берүү программасынын чектеринде мамлекеттик саламаттык сактоо уюмдарынан акысыз медициналык-санитардык жардам алууга, үйүндө багылууга, ал эми негизги жашоо-тиричилик керектөөлөрүн канааттандырууга жарамсыз болуп калганда - калкты социалдык жактан коргоо тутумунун мекемелеринде багылуу укугуна ээ.

Майыптарга медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн тартиби жана алар үчүн жеңилдиктердин тизмеги Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан аныкталат.

**71-статья. Өзгөчө кырдаалдарда жабыр тарткан жана экологиялык жактан жагымсыз райондордо жашаган жарандардын укугу**

Өзгөчө кырдаалдарда жабыр тарткан, экономикалык жактан жагымсыз райондордо жашаган жарандар медициналык-санитардык жардам алуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары аныктаган тартипте алардын ден соолугуна келтирилген зыяндын ордун толтуруу укугуна ээ.

## IX глава
## Медициналык-санитардык жардам көрсөтүү учурунда пациенттердин укуктары

**72-статья. Пациенттин укуктары**

Пациент медициналык жардам үчүн кайрылганда жана аны алууда төмөндөгүлөргө укугу бар:

- саламаттык сактоо уюмдарынан, ошондой эле жекече медициналык практика менен иш жүргүзгөн адамдан жеткиликтүү сапаттагы медициналык-санитардык жардам алууга;

- саламаттык сактоонун амбулаториялык жана стационардык уюмдарында дарылоочу врачты тандап алууга;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте саламаттык сактоо уюмдарынан жеңилдик берилген медициналык, дары-дармек, ортопедикалык жана башка кызматтарды алууга;

- медициналык жана тейлөөчү персонал тарабынан сый жана гумандуу мамилеге;

- санитардык-гигиеналык талаптарга ылайык келген тартипте текшерилүүдөн, профилактикадан өтүүгө, дарылануучуга, медициналык реабилитациялоого жана күтүлүүгө;

- консилиум жүргүзүүгө жана башка адистер менен консультацияларды өткөрүүгө;

- өзүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугу менен жана саламаттык сактоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы белгилеген тартипте илимий жана медициналык эксперименттерге катышууга;

- өз укуктарын коргоо үчүн ага адвокаттын же башка мыйзамдуу өкүлдүн келишине;

- ага дин кызматчыларынын келишине, ал эми ооруканада - диний каада-салттарга баруу үчүн шарт түзүүгө, анын ичинде, эгерде ал ооруканананын ички тартибин бузбаса өзүнчө бөлмө-жай алууга;

- диагностика, дарылоо процессине медициналык билим берүү уюмдарынын студенттеринин катышуусунан баш тартууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка укуктарга.

Пациенттин укугу бузулган учурда ага медициналык жардам көрсөтүлүп жаткан тийиштүү кесиптик медициналык коомдук уюмдун түздөн-түз жетекчисине же

саламаттык сактоо уюмунун башка кызмат адамына, болбосо сотко даттануу мененм кайрыла алат.

**73-статья. Ден соолугунун абалы жөнүндө пациенттин маалымат алуу укугу**

Ар бир пациент жүргүзүлгөн текшерилүүнүн натыйжалары, ооруга чалдыгуу, дарттын диагнозу жана алдын ала божомолдор, аны тобокелге салуу менен байланышкан дарылоонун усулу, медициналык кийгилишүүнүн мүмкүн болуучу варианттары, анын кесепеттери жана өзүнүн ден соолугу, жүргүзүлгөн дарылоонун натыйжалары жөнүндө болгон маалыматтарды өзүнө түшүнүктүү болгондой формада алуу укугуна ээ.

Пациенттин ден соолугунун абалы жөнүндө маалымат анын өзүнө берилет, ал эми 16 жашка чыга элек өспүрүмдөргө жана мыйзамда белгиленген тартипте аракетке жөндөмсүз деп табылган пациенттерге - алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө дарылоочу врач, саламаттык сактоо уюмунун бөлүм башчысы же жүргүзүлгөн текшерүүгө жана дарылоого түздөн-түз катышкан башка адистер тарабынан берилет. Пациенттин талап кылуусу боюнча, эгерде анда үчүнчү жактын кызыкчылыгы камтылбаса, ага анын ден соолугунун абалы чагылдырылган медициналык документтердин көчүрмөсү берилет.

Ден соолугу жөнүндө маалымат пациентке анын эркине каршы берилиши мүмкүн эмес. Оорунун күчөшүнүн терс божомолдору болгон учурда, эгерде пациент аларга бул жөнүндө билдирүүгө тыюу салбаса жана (же) ушундай маалымат берилүүгө тийиш болгон адамды дайындабаса медициналык-этикалык ченемдерди сактоо менен маалымат пациентке жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнө билдирилүүгө тийиш.

Пациенттин медициналык документтеринде камтылган маалыматтар врачтык жашыруун сырды түзөт жана ушул мыйзамдын 89-статьясында каралган негиздер боюнча гана пациенттин макулдугусуз берилиши мүмкүн.

Пациенттер медицина кызматкерлеринен такталган маалыматтарды алуу укугуна ээ:

- медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү жана тартиби жөнүндө;

- саламаттык сактоо уюмунун аккредиттөө аттестатынын болуусу жөнүндө;

- аны текшерүү жүргүзүүгө жана дарылоого катышкан медициналык персоналдын аты, фамилиясы, кызматы жана кесиби жөнүндө;

- эмгектенүү жана тамактануу режими, дене тарбиясы жана спорт менен машыгуу, анын дартына байланыштуу реабилитациялык иш-чаралар жөнүндө;

- дары-дармек каражаттарын кабыл алуунун тартиби, алардын мүмкүн болуучу терс таасирлери жөнүндө.

**74-статья. Медициналык кийгилишүүгө макулдук берүү**

Медициналык кийгилишүүнүн керектүү алдын-алуучу шарты катары жарандын ыктыярдуу макулдугу саналат.

Жарандын ал-абалы өзүнүн эркин билдирүүгө мүмкүнчүлүк бербеген, ал эми өтө шашылыш жагдайдан улам медициналык кийгилишүү зарыл болгон учурда жарандын кызыкчылыгы үчүн аны жүргүзүү маселесин консилиум, ал эми консилиумду чогултууга мүмкүн болбогондо - саламаттык сактоо уюмунун кызмат адамына кийин кабарлоо менен түздөн-түз дарылоочу (кезметчи) врач чечет.

16 жашка чыга элек адамдарга жана мыйзам белгилеген тартипте аракетке жөндөмсүз деп табылган жарандарга карата медициналык кийлигишүүгө макулдукту ушул мыйзамдын 73-статьясынын биринчи бөлүгүндө каралган маалыматтар аларга билдирилгенден кийин алардын мыйзамдуу өкүлдөрү берет. Мыйзамдуу өкүлдөр жок болгондо медициналык кийгилишүү жөнүндө чечимди консилиум, ал эми консилиумду чогултууга мүмкүнчүлүк болбогондо - саламаттык сактоо уюмунун кызмат адамдарына жана мыйзамдуу өкүлдөрүнө кабарлоо менен түздөн-түз дарылоочу (кезметчи) врач кабыл алат.

Хирургиялык кийлигишүүгө, кан куюуга жана диагностиканын татаал инвазивдүү усулдарын колдонууга жарандын жазуу жүзүндөгү макулдугу зарыл.

Врачтар медициналык кийлигишүүнү эчак баштап калган жана ошол адамдын өмүрү жана ден соолугу үчүн коркунуч келгендигине байланыштуу аны токтотууга же баш тартууга мүмкүн болбой калган учурдан тышкары берилген макулдук кайтарылып алынышы мүмкүн.

**75-статья. Кызматкерлердин жумушу жана саламаттык сактоо уюмунун иши жөнүндө сунуш киргизүүгө пациенттин укугу**

Пациент оозеки же жазуу жүзүндө кызматкерлердин жумушун жана саламаттык сактоо уюмунун ишин өркүндөтүү жөнүндө сунуш киргизүү укугуна ээ.

Пациенттердин сунуштары жана пикирлери саламаттык сактоо уюмунун администрациясы тарабынан талдоого алынат жана тийиштүү кызматкерлердин жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишине баа берүүдө эске алынат.

**76-статья. Пациенттин багууга (кароого) укугу**

Пациент интенсивдүү терапия бөлүмүндө жана реанимацияда жаткандыгын кошкондо, ооруп калган учурда, жаракат алып же мертингенде үй-бүлө мүчөлөрүнүн, ата-энесинин, жакын туугандарынын же ал жалдаган адамдын келип туруу жана багуу (кароо) укуктарына ээ.

Стационарда дарыланып жаткан пациентти багуунун (кароонун) тартиби саламаттык сактоо уюмунун администрациясы тарабынан аныкталат.

## XII глава
## Жарандардын саламаттыгын сактоо субъекттеринин милдеттери

**93-статья. Жарандардын милдеттери**

Жарандар өзүнүн ден соолугуна, балдарынын, жакын туугандарынын жана өзүнүн тегерегиндеги адамдардын ден соолугуна аяр мамиле жасоого милдеттүү.

Жарандардын саламаттыкты сактоо жана оорунун алдын алуу үчүн саламаттыкты сактоо жаатындагы өз билимин жогорулатышы, сергек жашоо ыңгайын өткөрүшү керек.

**94-статья. Пациенттин милдеттери**

Пациент төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- өз ден соолугун сактоо жана чыңдоо үчүн чара көрүүгө;

- медициналык кызматкерлерге жана медициналык жардам көрсөтүүгө катышкан башка адамдарга сый мамиле кылууга;

- медициналык жардам көрсөтүп жаткан адамга өзүнүн ден соолугунун абалы жөнүндөгү, анын ичинде кайсы дары-дармек каражаттарын көтөрө албаганы, мурда ооруган жана укумдан тукумга өтүп келаткан оорулары жөнүндө маалымат берүүгө;

- медициналык буйрутмаларды аткарууга;

- пациенттер үчүн түзүлгөн саламаттык сактоо уюмунун ички тартибинин эрежелерин сактоого жана саламаттык сактоо уюмунун мүлкүнө аяр мамиле жасоого.

**95-статья. Медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдарынын милдеттери**

Медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдары төмөндөгүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү;

- бөлүнгөн материалдык жана финансылык ресурстарга ылайык саламаттык сактоонун кайсы бир деңгээлдери үчүн белгиленген зарыл көлөмдө жеткиликтүү, өз убагында квалификациялуу медициналык жардамды;

- кечиктирилгис медициналык жардам берүүнү;

- экстремалдуу шарттарда (эпидемия, өзгөчө кырдаалдар, согуштук абал, жаратылыш кырсыктары, кыйынчылык менен жетүүчү жана коркунучтуу шарттар) ишке даяр турууну;

- тегерегиндегилерге коркунуч туудурган оорулардын алдын алуу, диагноз коюу жана дарылоо боюнча атайын профилактикалык медициналык иш-чараларды өткөрүүнү;

- санитардык-гигиеналык, эпидемияга каршы режимдерди сактоону;

- саламаттык сактоонун өз ара байланыштуу кызматтарынын ортосунда эриш-аркак иштешүүнү жана башталган ишти улантууну;

- сергек жашоо ыңгайын жана калкты санитардык-гигиеналык жактан тарбиялоону пропагандалоону.

*(КР 2017-жылдын 1-декабрындагы № 197 (2) Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**96-статья. Жеке медициналык иш менен алектеген жеке жана юридикалык жактардын милдеттери**

Жеке медициналык иш менен иш менен алектеген жеке жана юридикалык жактар төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- иштин тиешелүү түрү үчүн лицензия алууга;

- өмүрүнө коркунуч келген абалда турган бардык жарандарга кечиктирилгис медициналык жардам көрсөтүүгө;

- ишинин түрүнө ылайык кесиптик медициналык жардам көрсөтүүгө;

- санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы ченемдерди, эрежелерди сактоого;

- менчигинин түрүнө карабастан башка саламаттык сактоо кызматтары менен эриш-аркак иштешүүгө;

- сергек жашоо ыңгайын пропагандалоого;

- жарандарга алардын ден соолуктары тууралу толук жана ишенимдүү маалымат берүүгө;

- пациенттердин медициналык документациясын жүргүзүүгө, белгиленген мөөнөтөрдө Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары бекиткен формалар боюнча билдирмелерди жана отчетторду берүүгө;

- врачтык жашыруун сырды сактоого.

**97-статья. Саламаттык сактоо кызматкерлеринин милдеттери**

Медициналык жана фармацевттик кызматкерлер өз ишин врачтын антына ылайык, медициналык кызматкерлер менен пациенттердин, алардын туугандарынын ортосундагы адепахлактык өз ара мамилелерди жөнгө салуучу медициналык этиканын гумандуу принциптерин жетекчиликке алуу менен жүзөгө ашырышат.

Медициналык жана фармацевттик кызматкерлер өз кесиптик ишин Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык аткарууга милдеттүү.

Медициналык жана фармацевттик кызматкерлер өздөрүнүн кесиптик билимин жана ыктарын өркүндөтүп турууга милдеттүү.

Саламаттык сактоо кызматкерлери санитардык-гигиеналык, эпидемияга каршы ченемдерди, ошондой эле саламаттык сактоонун ошол уюмдары үчүн белгиленген эрежелерди сактоого милдеттүү.

Медициналык жана фармацевттик кызматкерлер илимий педагогикалык кызматкерлер сыяктуу эле, ошондой эле калк менен иштешүүгө уруксат алган студенттер жогору турган саламаттык сактоо уюмдарына жана мамлекеттик башкаруу органдарына Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык ишенимдүү маалымат жана отчет берип турууга милдеттүү.

Илимий, окуу, клиникалык максаттарда биоматериалдар менен иштөөгө уруксат алган саламаттык сактоо кызматкерлер Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен эрежелерди сактоого милдеттүү.

Бюджеттик негизде окуп чыккан медициналык окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы берген жолдомо боюнча региондордо кеминде эки жыл иштеп берүүгө милдеттүү. Жолдомо боюнча иштөөдөн баш тарткан бүтүрүүчү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте окутууга кеткен чыгымдын ордун толтуруп бергенден кийин ишке эркин орношконго укуктуу болот.

*(КР 2017-жылдын 2-августундагы № 167 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**98-статья. Жарандардын саламаттыгын сактоо жаатындагы иш берүүчүлөрдүн милдеттери**

Иш берүүчүлөр кызматкерлерге коопсуз эмгек шартын камсыз кылууга, аларды зыяндуу же коркунучтуу айлана-чөйрөдөн коргоого, иштеп жаткандардын, ошондой эле жумуштардын жүргүзүлүшү терс таасирин тийгизиши мүмкүн болгон башка бардык адамдардын ден соолугун коргоого милдеттүү.

**99-статья. Билим берүү уюмдарынын милдеттери**

Билим берүү уюмдары балдардын жана окуп жаткан жаштардын саламаттыгын коргоо жана чыңдоо боюнча шарт түзүүгө, окуу-эмгектик жүктөмүн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуучулардын иштөө режимин аныктоого милдеттүү.

## XIII глава
## Жарандардын саламаттыгын сактоочу субъектердин жоопкерчилиги

**100-статья. Мыйзамсыз дарыгерлик үчүн жоопкерчилик**

Кесип катары дарыгерлик иш менен, анын ичинде тиешелүү медициналык билими жана Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын лицензиясы жок адам тарабынан жүзөгө ашырылуучу элдик дарыгерчилик менен алектенүү, массалык дарыгерчилик сеанстарын, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу менен өткөрүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартууга кириптер кылат.

**101-статья. Жарандардын жоопкерчилиги**

Жарандар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төмөндөгүлөр үчүн жоопкерчилик тартышат:

- санитардык-гигиеналык, эпидемияга каршы ченемдер жана эрежелерди бузгандыгы, жарандардын ден соолугуна же тегерегиндегилердин ден соолугуна өзгөчө зыян келтире турган айлана-чөйрөнү булгагандыгы үчүн;

- өздөрүндө тегерегиндегилердин ден соолугуна зыян келтире турган жугуштуу жана коркунучтуу илдеттердин бар экендигине карабастан текшерүүдөн жана дарылануудан качкандыгы үчүн;

- өздөрүнүн жана жашы жете элек балдардын, кош бойлуу аялдардын ден соолугуна карата медициналык буйрутмаларды аткарбагандыгы үчүн;

- медициналык тез жардамды жаман чакыргандыгы үчүн.

**102-статья. Медициналык жана фармацевттик кызматкерлердин жоопкерчилиги**

Медициналык жана фармацевттик кызматкерлер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык врачтык этиканы бузуп, жарандардын ден соолугуна зыян келтиргендиги, врачтык жашыруун сырды жарыя кылгандыгы үчүн жоопкерчилик тартышат.

**103-статья. Саламаттык сактоо уюмдарынын жоопкерчилиги**

Медициналык-санитардык жардам көрсөтүүчү саламаттык сактоо уюмдары менчигинин түрүнө карабастан жарандардын ден соолугуна зыян келтиргендиги үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында көрсөтүлгөн тартипте жана көлөмдө жоопкерчилик тартышат.

Мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдарынын жоопкерчилиги калкка медициналык жана профилактикалык кызмат көрсөтүүлөргө байланышкан иш-чараларга багытталуучу акчалай каражатка жана мүлккө жайылтылбайт.

Дарылоочу врачтын буйрутмасын аткарбаган пациенттин ден соолугуна зыян келсе, саламаттык сактоо уюмдары ага жооп бербейт.

**104-статья. Саламаттык сактоо уюмдарынын жоопкерчилигин камсыздандыруу**

Саламаттык сактоо уюмдары медициналык жактан жарандарга кызмат көрсөтүлүп жатканда алардын өмүрүнө, ден соолугуна зыян келүү тобокелчилигин

камсыздандыруу боюнча ыктыярдуу түрдө камсыздандыруу уюмдары менен келишим түзөт.

Зыян келүү тобокелчилигин камсыздандыруунун тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

Медициналык жактан жарандарга кызмат көрсөтүлүп жатканда алардын өмүрүнө, ден соолугуна зыян келтирилсе, камсыздандыруу уюмдары жарандарга же алардын үй-бүлөлөрүнө врачтык иштен кеткен катадан улам келип чыккан чыгымдардын ордун толтуруп берет.

## XIV глава
## Корутунду жоболор

**105-статья. Ушул Мыйзамды бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Ушул Мыйзамды бузгандык үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик белгиленет.

**106-статья. Жарандардын саламаттыгын сактоо жаатындагы эл аралык кызматташуу**

Жарандардын саламаттыгын сактоо жаатында Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттер менен кызматташуусу Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин негизинде жүзөгө ашырылат.

Эл аралык кызматташуунун тартиби Кыргыз Республикасынын жана башка мамлекеттердин мыйзамдары менен белгиленет.

Эгерде Кыргыз Республикасынын эл аралык келишими менен ушул Мыйзамда камтылгандан башка эрежелер белгиленсе, анда эл аралык келишимдин эрежелери колдонулат.

Кыргыз Республикасынын эл аралык кызматташтыгынын алкагында жарандардын саламаттыгын коргоо жаатындагы Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен түзүлгөн макулдашуулар, жалпы таанылган принциптерге жана эл аралык укуктун ченемдерине, ушул Мыйзамдын жана Кыргыз Республикасынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын жоболоруна ылайык жарандардын саламаттыкты сактоо жана медициналык жардам алуу жаатындагы укуктарына чек койбошу керек.

**107-статья. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып төмөндөгүлөр күчүн жоготту деп табылсын:

- 1992-жылдын 2-июлундагы 943-XII "Кыргыз Республикасында калктын саламаттыгын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- "Кыргыз Республикасынын кээ бир мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын II бөлүмү (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору. 1993-ж., № 2, 62-ст.);

- "Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосунун мамлекеттик мекемелериндеги бюджеттен тышкаркы иш жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., № 4, 163-ст.);

- 2002-жылдын 16-октябрындагы № 144 "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- 2003-жылдын 11-июнундагы № 96 "Кыргыз Республикасынын калкынын саламаттыгын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү тууралу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

- 1992-жылдын 2-июлундагы № 944-XII "Кыргыз Республикасында калктын саламаттыгын коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке киргизүү тартиби тууралу" Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинни токтому.

**108-статья. Ченемдик укуктук актыларды ушул Мыйзамга ылайык келтирүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

- өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;

- ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана административдик ведомстволор тарабынан ушул Мыйзамга карама-каршы келген ченемдик укуктук актыларын кайра кароо жана жокко чыгаруу камсыз кылынсын.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Акаев**